DOI:10.26104/NNTIK.2022.89.26.035

*Бектурова Э.О.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИКТИН МАЗМУНУ ЖАНА АНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖОЛДОРУ

*Бектурова Э.О.*

# СОДЕРЖАНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО МАСТЕРСТВА И СПОСОБЫ ЕГО ФОРМИРОВАНИЯ

*E. Bekturova*

# THE CONTENT OF PEDAGOGICAL SKILLS AND WAYS OF ITS FORMATION

*УДК: 378. (575.2)(043.3)*

*Өлкөдөгү социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр коомдогу артыкчылыктарды жана баалуулук багыттарын өзгөртүү зарылчылыгын жаратты жана кесиптик билим берүү чөйрөсүндө терең өзгөрүүлөргө өбөлгө түздү. Азыркы этапта педагогдун инсандыгына социалдык мобилдүүлүктүн талаптары, өзүн-өзү ишке ашыруу процессинде педагогикалык чындыкты чыгармачылык менен өздөштүрүү жана өзгөртүү жөндөмү коюлат. Кесипкөйлүккө жаңы талаптар түзүлүүдө, заманбап адис катары кесиптик өзүн-өзү аныктоо жана туура ойлонуу менен туруктуу жумуш талап кылынат. Педагогдун кесипкөйлүгү каалаган профилдеги адистерди даярдоонун сапатын аныктоочу жетектөөчү фактор болуп саналат, ошондуктан педагогикалык чеберчиликти түзүү маанилүү педагогикалык көйгөй болуп саналат. Коом өзгөргөн сайын адамдын иш-аракеттери да жаңыланып, ага ылайык жаратуучулар, ишмерлер, кесипкөйлөр калыптанат. Педагогикалык чеберчилик атайын билимдердин комплексинин негизинде педагогикалык ишти жогорку деңгээлде өздөштүрүүдөн улам келип чыгат. Инсандын жөндөмдөрүнө жана көндүмдөрүнө, кесиптик маанилүү сапаттарына, окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкарууга педагогго мүмкүндүк берүүчү жана максатка багытталган педагогикалык таасир көрсөтүүгө жана өз ара аракеттенүүгө милдеттүү. Келечектеги баштапгыч класстын мугалиминин чыгармачылык ишке даярдыгын калыптандыруу үчүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөргө ээ. Педагогикалык илимде инсандын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын, мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө, ошондой эле кесиптик даярдыктын жогорку деңгээлине жетүү үчүн шарт түзгөн билим берүү процессин уюштурууга багытталган альтернативдүү инновациялык долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу барган сайын күчөп келет.*

***Негизги сөздөр:*** *чеберчилик, эмоционалдык туруктуулук, креативдүүлүк, адистер, кесип, ишмердүүлүк, өз ара аракеттенүү, педагогикалык таасир.*

*Социально-экономические изменения в стране вызвали необходимость изменения приоритетов и ценностных ориентиров в обществе и способствовали глубоким изменениям в сфере профессионального образования. На современном этапе в личность педагога ставятся требования социальной мобильности, способности творчески усваивать и изменять педагогическую реальность в процессе самореализации. Формируются новые требования к профессионализму, требуется постоянная работа современного профессионала с профессиональным самоопределением и здравым смыслом. Профессионализм педагога является ведущим фактором, определяющим качество подготовки специалистов любого профиля, поэтому формирование педагогического мастерства является важной педагогической проблемой. По мере изменения общества обновляется и человеческая деятельность, в соответствии с которой формируются создатели, деятели, профессионалы. Педагогическое мастерство вытекает из высокого уровня освоения педагогической деятельности на основе комплекса специальных знаний, обязано оказывать педагогическое воздействие и взаимодействовать с умениями и навыками личности, важными профессиональными качествами, позволяющими педагогу эффективно управлять учебно-познавательной деятельностью. У будущего учителя начальной школы есть потенциальные возможности для формирования готовности к творческой работе. В педагогической науке все чаще разрабатываются и реализуются альтернативные инновационные проекты, направленные на развитие интересов, потребностей, возможностей личности, а также на организацию образовательного процесса, создающего условия для достижения высокого уровня профессиональной подготовки.*

***Ключевые слова:*** *мастерство, эмоциональная стабильность, креативность, специалисты, профессия, деятельность, взаимодействие, педагогическое воздействие.*

*Socio-economic changes in the country have caused the need to change priorities and values in society and have contributed to profound changes in the field of vocational education. At the present stage, the requirements of social mobility, the ability to creatively assimilate and change the pedagogical reality in the process of self-realization are put into the personality of a teacher. New requirements for professionalism are being formed, the constant work of a modern professional with professional self-determination and common sense is required. The professionalism of a teacher is the leading factor determining the quality of training of specialists of any profile, therefore, the formation of pedagogical skills is an important pedagogical problem. As society changes, human activity is also updated, in accordance with which creators, figures, and professionals are formed. Pedagogical mastery follows from a high level of mastering pedagogical activity on the basis of a complex of special knowledge, is obliged to exert pedagogical influence and interact with the skills and abilities of the individual, important professional qualities that allow the teacher to effectively manage educational and cognitive activities. The future primary school teacher has potential opportunities to form a readiness for creative work. In pedagogical science, alternative innovative projects are increasingly being developed and implemented aimed at developing the interests, needs, and capabilities of the individual, as well as at organizing the educational process that creates conditions for achieving a high level of professional training.*

***Key words:*** *skill, emotional stability, creativity, specialists, profession, activity, interaction, pedagogical impact.*

Бүгүнкү күндө мугалим эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү квалификациялуу жумушчуларды кесиптик окуу жайлардын, лицейлердин, техникумдардын жана колледждердин адистерин окутуп, даярдайт. Даярдоонун сапатын жогорулатуу маселеси алгач мугалимдердин кесиптик-педагогикалык квалификациясын жогорулатуу менен түздөн-түз байланышта. Педагогдун кесипкөйлүгү каалаган профилдеги адистерди даярдоонун сапатын аныктоочу жетектөөчү фактор болуп саналат. Ошондуктан педагогикалык чеберчиликти түзүү маанилүү көйгөй катары кароого болот.

Коом өзгөргөн сайын адамдын иш-аракеттери да жаңыланып, ага ылайык жаратуучулар, ишмерлер, кесипкөйлөр калыптанат. Окутуу жана тарбиялоо технологиясы канчалык өнүксө дагы аны пайдаланган билимдүү адис болмоюнча иш жүзүнө ашыруу оңойго турбайт. Ар бир кесип өзүнүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу кесипкөйлүктү талап кылат. Педагогикалык чеберчилик атайын билимдердин комплексинин негизинде жогорку деңгээлде өздөштүрүүдөн улам келип чыгат. Инсандын жөндөмдөрүнө жана көндүмдөрүнө, кесиптик маанилүү сапаттарына, окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкарууга педагогго мүмкүндүк берүүчү жана максатка багытталган педагогикалык таасир көрсөтүүгө жана өз ара аракеттенүүгө милдеттүү [3].

Педагог – бул кесип гана эмес, адамдын жекече сапатын да талап кылат. Мугалим балдарды сүйгөн, алар үчүн жан-дили менен берилип иштеген, интеллигенттүү, руханий дүйнөсү бай, жаңыча иштей билген, эмгекчил, чыгармачыл адам болушу зарыл.

Чебер педагог-жогорку маданияттуу адистин идеалдуу үлгүсү болуп саналат. Өз предметин терең өздөштүргөн, илимдин жана искусствонун тиешелүү тармактары менен жакшы тааныш, дээрлик жалпы психологияны түшүнгөн, тарбиялоо жана окутуу усулдарына ээ болгон инсан.

Педагогикалык чеберчиликти өнүктүрүү – бул педагогдук кесиптин калыптануусунун узак процесси жана ал жогорку окуу жайдын билим берүү чөйрөсүндө башталат. Педагогикалык чеберчиликтин курсу болочок кесип ээлеринин компетенциясын өнүктүрүүгө багытталган системаларлын жыйындысын аныктайт. Ошону менен катар кесиптик жана педагогикалык чеберчиликтин маани-маңызын толук түрдө түшүнүүнү калыптандырууга басым жасайт. Билим берүү системасын модернизациялоонун шартында педагогикалык кадрларды даярдоодо ар тараптуу маселелерди чыгармачылык менен чечүүгө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү негизги маселелерден.

«Педагогикалык чеберчилик» түшүнүгүнө карата «чеберчилик» түшүнүгүнүн байланышына токтолуп көрөлү. Орус тил сөздүгүндө «чеберчиликти» кандайдыр бир тармакта тиешелүү искусство катары таржымалдашат. Ал эми мастер өзүнүн ишинде жогорку өнөргө жеткен адис катары каралат.

Чебер педагог – бул жогорку маданият адиси, өз ишинин чебери болуу менен бирге өзү окутулуп жаткан маселеге мыкты ээлик кылат. Демек ал окутуунун ыкмасын билет, жана тарбиялоо методикасын, психологияны илимдин жана искусствонун ар түрдүү тармактары менен паралеллдүү иш алып барат.

***Педагогикалык чеберчилик*** – бул окуу жана тарбиялоо искусствосу, практикалык өндүрүштүк окутуу чебери ар бир окутуучу үчүн жеткиликтүү, бирок дайыма өркүндөтүүнү талап кылат.

***Педагогикалык чеберчилик*** – окуучунун ар тараптуу өнүгүүсүнө карата окуу-тарбия иштеринин бардык түрлөрүн алардын дүйнөлүк көз карашы анын ичинде жөндөмдүүлүгү кесиптик чеберчилигине багытталат. Педагогикалык чеберчилик ишмердүүлүк менен көрсөтүлөт. Ал атайын көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн жогорку даражасы менен мүнөздөлөт, бирок бул маанилүү эмес. Эң башкысы – педагогдун позициясында, өз окуучуларынын ишин виртуалдык башкарууга жөндөмдүү [1].

Педагогдун ишмердүүлүгүндө мугалимдин чеберчилиги өнүктүрүлүп, ишке ашырылууда кесипкөйлүк чеберчилиги кесиптик ишти өз алдынча уюштуруунун жогорку деңгээлин камсыз кылат. Ал өзүнө *гумандуу багытты, кесиптик билимди, педагогикалык жөндөмдүүлүктү жана педагогикалык техниканы камтыйт* [6].

Мугалимдин ишмердүүлүгүндө гумандуулук багыт – камтыган баалуулуктары боюнча төмөнкүдөй педагогикалык ишмердүүлүктөрдү ичине камтыйт: а) өзүң үчүн чыныгы мугалимдик сапатты кармануу талап кое билүү; б) балдар коллективине; в) педагогикалык таасир этүү каражатына; г) педагогикалык иштин максаты – гуманисттик стратегия, каражаттарды жана объекттердин ишмердүүлүгүн чыгармачылык менен кайра түзүү.

**Кесиптик билим.** Мазмуну боюнча мугалим сабакты өздөштүрүүсүндө жана анын методикасын, педагогиканы, психологияны билгендигин түзөт. Бул жерде өзгөчөлүктөрүн бөлүүдө комплекстүүлүгү жана жеке билимдин маанилүүлүгүнө артыкчылык берүү максатка ылайык. Кесиптик – педагогикалык билим, билгичтик жана ыктар (мугалим окуткан предмет боюнча алган билими жана окутуу технологиясына терең жана ар тараптуу токтолуу).

**Педагогикалык жөндөмдүүлүк**. Педагог ишмердүүлүгүндө төмөндөгүдөй алдыңкы сапаттарды кармануу окуу процессинин уюштурулушуна жана жүрүшүндө негизги ролду ойнойт. Алар:

*Коммуникативдүүлүк* – ата-энелер, мугалимдер, мектеп кызматкерлери, окуучулар ж.б. тил табыша

билүү, сүйлөшө билүү;

Педагогикалык жөндөмдүүлүктүн дагы бир көрсөткүчү – *перцепция* (баланын руханий дүйнөсүн түшүнө билүү, эмоциялык абалын сезүү. психикасынын өзгөчөлүгүн кылдат байкоо. Изилдей билүү жөндөмү да маанилүү. Себеби, өз жетишкендигин, натыйжалуулугун, иш-аракетинин жыйынтыгын анализдей албаса, мугалим жаңы алгылыктуу иштерди баштоого мүмкүнчүлүк жаралбайт.

Мугалимдин инсандык динамизми – негизги сапаты адилет, калыс болуу. Окуучунун билимин, жүрүш-турушун калыс баалоо, билим денгээлин аныктоо, жетишкен ийгилигине баа коюуда так болуу мугалимдин кесиптик сапатын белгилейт. Ошону менен бирге эле мугалим талапкер болуусу тийиш. Эгер өзү билбей туруп талап койгонго жол бербеши эң башкы маселе.

Эмоционалдык туруктуулук – Педагог класстагы мамиленин начарлашын чече ала турган, оор акыбалды тамашага айлантып чечкен юморист да болуусу зарыл. Шайыр, ачык, тамашакөй, макал-лакап менен сүйлөгөн мугалим – түнт, кабагы ачылбаган, карамүртөз, күлбөгөнгө караганда ийгиликке тез жетет. Баланын жетишпеген жагын айтып, шылдыңдоо, күлүү кемсинтkенге барабар. Балдар менен мамиле түзө билүү, баланын керт башын сыйлоо-акылдуулуктун, эң жогорку маданияттуулуктун белгиси.

Креативдүүлүк – чыгармачылык жөндөм. Дидактикалык, өнүктүрүүчүлүк, уюштуруучулук, багыт берүүчүлүк, баалоочулук, кептик, ошондой эле педагогикалык сезим, илим-изилдөө жана рефлексиялык жөндөмдүүлүктөрдү ичине камтыйт.

Ошентип, мугалимдин инсандык сапаты жана кесиптик көрсөткүчтөрү жогорку окуу жайынан алган билими, тандап алган предметин өздөштүрүүсү, окутуу методикасын билүүсү, педагогикалык – психологиялык даярдыгы, жалпы билими терең, кенен, маданий жактан такшалган, педагогикалык технологияны, инновацияны түшүнүүсү.

*Ыкмалар жана каражаттар төмөнкүлөр:*

1. Мугалимдин тышкы жүрүм-турумуна байланыштуу анын сырткы көрүнүшүнүн мүнөздөмөсү менен гана эмес (кийим, чач жасалгасы) бирок анын мимика, пантомимика, кыймыл-аракеттери, жүрүм-туруму ж.б.

2. Эмоционалдык эрктик кыймылы өзүнүн сезими аркылуу туюуну башкаруу.

3. Социалдык-перцептивдик күч-аракети менен байланышкан байкоо, көңүл буруу, туюу, эмпатия жана интуициялык сезимдерди иштетүү.

4. Окутуу-тарбиялоо процессин башкаруу технологиясы ар кандай методдорду, ыкмаларды, каражаттарды жана окуучуларга жана педагогикалык жамаатка педагогикалык таасир этүүнүн формаларын камтыйт.

5. Коммуникативдик өзгөчөлүктөрү менен байланышкан педагогикалык баарлашуу менен педагогикалык этикага ылайык тиешелүү абалда болушу керек.

6. Ошентип, педагогикалык чеберчилик – бул мугалимдин жеке жана кесиптик өзгөчөлүктөрүнүн комплекси. Тигил же бул кесиптик ишмердүүлүктүн каражаттарын топтоочу жеке тажрыйбалары менен байланышкан иш аракеттердин жыйындысы. Айрым компоненттери же алардын синтези (педагогикалык билимдер, билгичтиктер, жөндөмдүүлүк, педагогикалык техника) педагогдун кесипкөйлүгүн өздөштүрүү деңгээлин жогорулатуу, рефлексия, өз алдынча билим алуу, өзүн-өзү тарбиялоонун жардамы менен жетишишет. Педагогикалык чеберчилик - бул өзүн-өзү өркүндөтүү жана өзүн-өзү таануу процессинин натыйжасы [4].

*Педагогдун чеберчилигин билүү критерийлери төмөнкүлөр:*

- Максатка ылайыктуулук (багыттуулук);
- Өндүрүмдүүлүк ( жыйынтык- окуучулардын тарбиялуулугу, билим деңгээли)
- Оптималдуулук (каражатты тандоо)
- Чыгармачылык (ишмердүүлүктүн мазмуну)

Педагогикалык чеберчиликтин түзүмү жана негизги компоненттери.

| **Инсандын педагогикалык багыттуулугу** | **Кесиптик зарыл болгон билимдер** | **Зарыл болгон кесиптик жөндөмдөр, билгичтиктер, көндүмдөр** | **Колдонмо билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, жөндөмдүүлүктөрү** |
|---|---|---|---|
| Педагогикалык иш-аракеттерге туруктуу кызыгуу, балдарга болгон сүйүү | Атайын билимдер (окутулуучу дисциплиналар боюнча) | Уюштуруучулук | Көркөм |
| Өз эмгегинин натыйжасы үчүн жоопкерчилик | Педагогика, психология жана жеке ыкмалар боюнча билим | Коммуникативдүүлүк | Техникалык |
| Ишмердүүлүктүн оң себептери | Коомдук (тарыхый, экономикалык, саясий жана башка) | Дидактикалык | Спорттук |
| Инсандын сапаттары | Эң актуалдуу | Актердук | турмуштук |
| Позитивдүү | Бүгүн | | |

Педагогикалык чеберчиликтин түзүмүнө төмөнкүлөр кирет:

- педагогикалык маселени көрө билүү, тандап алуу, дидактикалык материалды ыңгайлаштырып жана окуучуларга чейин жеткирүү, паритеттик диалогдун негизинде чыгармачылык окуу кызматташтыгын уюштуруу;
- окуучунун ички көз карашын жана абалын түшүнө билүү жана анын негизинде билим берүү процессин жекече калыпка салуу жөндөмдүүлүгү;
- туруктуу кесиптик абалды сактап калуу жөндөмдүүлүгү, кесиптик өнүгүүнүн келечегин аңдап-түшүнүү, тарбиялануучулардын жеке жөндөмдүүлүгүн жана жетишкендиктерин диагностикалоо;

Чебер педагогдун негизги өзгөчөлүгү болуп, окуу-тарбия иштеринин ыкмалары жана ыкмалардын системасы катары өзүнчө жекече стилинин өзгөчөлүктөрүнө жооп берген окутуунун сапатын көтөрүү болуп саналат.

Ошентип, «педагогикалык чеберчилик» деген түшүнүктү талдоо, аны адамдын комплекстик сапаты катары көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, инсандын өздөштүрүлгөн комплексинин атайын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн, кесиптик маанилүү сапаттарынын негизинде педагогикалык ишмердүүлүктү үйрөнүүнүн, жогорку деңгээлин камсыз кылат, окуучулардын окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруу жана педагог-окуучу система менен максаттуу педагогикалык өз ара аракетти жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Мыкты сапаттарды окутуу, илимпоздордун айтымында, бирдиктүү кубулуш катары көптөгөн компоненттерден турат [2]:.

***Биринчиси,*** максаттар, көрсөтмөлөр жана стимулдар тутуму. ***Максаттар*** бардык педагогикалык ишмердүүлүктү маңыздуу кылат жана анын бардык башка компоненттерин бир бүтүнгө бириктирет. Гуманисттик тарбия идеяларынын тутуму бирдиктүү универсалдуу жана адеп-ахлактык-эстетикалык идеал – инсанды жана анын бардык маанилүү күчтөрүн ар тараптуу өнүктүрүү менен аныкталат. Мугалим практикалык өз ара аракеттенүүдө жарандык, идеологиялык, политехникалык, укуктук, эмгек, акыл-эс жана экологиялык билим берүүнүн негизги багыттарын так түшүнүшү керек.

Педагогикалык артыкчылыктын ***экинчи*** маанилүү компоненти бул билим берүү психологиясы, социология жана физиология тарабынан топтолгон студенттин инсандыгы жөнүндө терең билим. Ийгиликтүү педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн ушул багытта иштелип чыккан жакын илимдин сунуштары зарыл.

***Үчүнчү*** компонент – окуучулар менен мамилелерди уюштуруунун этикалык жана эстетикалык принциптери. Окутуунун жана тарбиялоонун жалпы педагогикалык принциптери педагогикалык мамилелердин практикасында анын этикалык жана эстетикалык сапаттары аркылуу мугалимдин инсандыгы тарабынан гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Демек, мугалимдин инсандык жалпы адамдык нормалдуу касиеттери толукталып, кеңейип, педагогикалык этика деңгээлине көтөрүлүшү керек.

Педагогикалык чеберчиликтин ***төртүнчү*** компоненти мугалимдин адамдардын социологиялык өзгөчөлүктөрү жана алардын топтогу мамилелери жөнүндө билимин камтыйт.

Педагогикалык чеберчиликтин ***бешинчи*** компоненти – бул искусство тарыхы, аткаруучулук чеберчилик жана үн чыгаруучу сөз чеберчилиги чөйрөсүнөн алынган маалыматтар. Аткаруучу искусствонун сунуштарына негизделген кыймыл-аракетти, жаңсоолорду, интонацияны, мимиканы жана жүрүм-турумду мыкты өздөштүрүү – студенттердин жашоону кабыл алуу психологиясын эске алуу менен, аларга таасирдүү педагогикалык таасир көрсөтүү.

Жогорку мектеп мугалиминин педагогикалык чеберчилигинин маңызы анын сапаттарына жана инсандык өзгөчөлүктөрүнө жараша аныкталат.

Педагогикалык чеберчилик төмөнкүдөй эрктүү сапаттарды өркүндөтүүнү талап кылат:

- чыгармачыл активдүүлүктү пайда кылган чечкиндүүлүк;
- өзүн өзү башкара билүү – тартынчаактыкты, коркуу, уялуу сезимин жеңүү;
- өжөрлүк, бул баарынан мурда, кыйшаюусуз талап коюучулук жана өз талаптарынын так аткарылышына ырааттуу жетишүү жөндөмдүүлүгү;
- чыдамдуулук, кыжырданбай бир нече жолу түшүндүрүүгө даярдыгын камсыз кылуу;
- чечкиндүүлүк, бул таасир этүүчү ыкмаларды табууга, адашып калбоого мүмкүндүк берет;
- демилгелүү, алардын ишинин мазмунун жана формаларын өркүндөтүүгө умтулуусу;
- уюштуруу, бул пландуу билим берүү таасиринин шарты болуп саналат;

Мындан тышкары, чыныгы чебер мугалим өзүнүн иш-аракетинде төмөнкү жөндөмдөрдү көрсөтүшү керек:

- окуу материалын жеткиликтүү кыла билүү;
- иште чыгармачылык;
- студенттерге педагогикалык эрктүү таасир этүү;
- студенттердин командасын уюштура билүү;
- студенттерге болгон сый-урмат.

Педагогикалык артыкчылык методдорду жана ыкмаларды, студенттин инсандыгын калыптандыруу процессинде педагогикалык жөндөмдөрдүн практика түрүндө жүзөгө ашырылышын камсыз кылган педагогикалык чеберчиликтин жана жөндөмдүн арсеналын

толук өздөштүрүүдө чагылдырылат.

Педагогикалык техника ар кандай кырдаалдарда колдонулган көнүмүш профессионалдык иш-аракеттерге айланган көндүмдөрдү, иш-аракеттерди уюштуруу, баарлашуу жана таасир этүү ыкмаларынан кайталанган ыкмалардан турат. Окуучулардын бекем билимин, жөндөмүн, ошондой эле инсандык касиеттерин жана сапаттарын өркүндөтүү максатында уюштурулган техникалык ыкмалар. Аларды билим берүү процессинде максаттуу, системалуу жана ырааттуу колдонууну шарттуу түрдө *технологиялык процесс* деп атоого болот.

Жогорку окуу жайынын окутуучусу окутууда эбегейсиз жеке тажрыйбаны топтойт жана кесиптик өсүштүн белгилүү баскычтарын, деңгээлдерин өтүшү керек.

***Биринчи деңгээл*** – педагогикалык кесипкөйлүк, билим берүү иш-аракеттерин тиешелүү кесиптик деңгээлде жүзөгө ашырууга мугалимдин жетиштүү (мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык) теориялык жана практикалык даярдыгын билдирет.

***Экинчи деңгээл*** – педагогикалык чеберчилик жогорку деңгээлдеги өзүн-өзү уюштуруу жана кесиптик иш-аракет менен мүнөздөлөт, б.а. педагогикалык кесипкөйлүктөн башка эч нерсе жогорку деңгээлге жеткирилген эмес. Окуу-тарбия процессинин жогорку натыйжалуулугун психологиялык-педагогикалык теорияны практикада колдонуунун «жылмаланган» ыкмалары жана ыкмалары камсыз кылат.

***Үчүнчү деңгээл*** – педагогикалык чыгармачылык белгилүү бир жаңылыктын элементин камтыйт, ал көбүнчө жаңы идеяларды жаратуу менен гана чектелбестен, окутуу жана тарбия иштеринин методдорун модификациялоо, жаңыртуу менен байланыштуу.

***Төртүнчү деңгээл*** – педагогикалык инновация – мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүнүн эң жогорку деңгээли – жаңы, прогрессивдүү идеяларды, принциптерди, методдорду, ыкмаларды ж.б. алдыга жылдырууну жана жүзөгө ашырууну камтыйт.

Башталгыч мектеп мугалиминин педагогикалык чеберчилиги – бул жогорку деңгээлге педагогикалык инновацияга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берген кесиптик иш-аракеттердин жетишерлик жогорку баскычы катары кароого болот.

Андыктан, педагогикалык чеберчиликтин, техниканын жана технологиянын маанилүүлүгү аркылуу педагогика жана психология тарабынан ачылган мыйзамдарды, принциптерди, эрежелерди натыйжалуу жүзөгө ашыруу, студенттерди натыйжалуу, максаттуу окутуу жана тарбиялоодо бирден-бир ишенимдүү канал болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Андреев В.И. Педагогика творческого саморазвития: Инновационный курс: В 2 кн.: Кн.1. Казань: КГУ, 1998. - 567 с.
2. Брагина Г.В. Мастерство учителя на уроке: Методические рекомендации для учителей средних школ. - М., 1992. 40 с.
3. Головин Г.В. Педагогические мастерские как средство профессионально-личностной подготовки учителя: Дисс... канд. пед. наук. - М., 1997. - 132 с.
4. Загвязинский В.И. Педагогическое творчество учителя. - М.: Педагогика, 1987. - 160 с.
5. Маркова А.К. Психология профессионализма. - М.: Просвещение, 1996. - 308 с.
6. Митина Л.М. Учитель как личность и профессионал. М.: Деко, 1994. -216 с.
7. Степихова В.А. Педагогическая мастерская. / Народное образование. 1999. - №1. - С. 57-61.
8. Бектурова Э.О. Характеристика социально-ценностных и профессиональных качеств будущего учителя начальных классов. Известия вузов Кыргызстана. 2016. №.7. - С. 40-43.
9. Бектурова Э.О. Управление процессом формирования социально-ценностных и профессиональных качеств будущего учителя начальных классов. Известия вузов Кыргызстана. 2016. №.7. - С. 44-48.